КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№ _3_ протоколунда
«_12_» январь 2022 –ж

БЕКИТЕМИН
Т.Сатылганов атындагы №69
окуу-тарбия комплекс-
гимназиясынын директору
_______ Атаева С.Т

# Т.Сатылганов атындагы № 69 окуу –тарбия комплекс –гимназиясынын дежур мугалимдин дежурлук кылуу жобосу

**1.Жалпы жобо**

1.1. Т.Сатылганов атындагы №69 окуу- тарбия комплекс- гимназиясында ички тартипти, тазалыкты , мектептеги класстык бөлмөлөрдү камсыз кылууда жана ошондой эле окуучулардын жаракаттан сактануусун эскертүү үчүн дежурлук уюштурулат.

Мектептин администрациясынын укуктук актыларынын , ички тартиптин эрежелеринин , ушул жобо мектептин уставына ылайык дежурлук кылуу ишке ашырылат. Жобо мектептин педагогикалык кеңешмесинде каралат жана мектептин директору тарабынан бекитилет.

1.2. Мектептеги дежурлукту уюштуруу жоопкерчилиги мектептин администрациясына жана дежур мугалимге жүктөлөт.

**2. Дежурлукту уюштуруу**

2.1. Мектептеги дежурлукту камсыз кылуу үчүн мектептин мугалимдеринен дайындалат.

**Күн сайын :**

Дежур мугалим – мектептеги жооптуу дежур мугалим болуп саналат.

**Жума сайын :**

Мектептин директору бекиткен дежурлуктун графигине ылайык дежур мугалим дайындалат.

**4. Дежур мугалим**

Дежур мугалим – мектептин педагогикалык кызматкерлеринин курамынан бир күнүнө дайындалат жана мектептеги дежурлук кылууга жоопкерчиликтүү . Дежур мугалим мектептин администрациясына баш ийет жана мектеп ичиндеги окуучулардын жүрүм- турум эрежелерини сакталышына жана тартипти сактоого жоопкерчилигин алат.

**Дежур мугалимдин милдеттери :**

- мектепке келүү убактысы саат 7.00. башталат жана 12.30 бүтөт  I смена ;
- мектепке келүү убактысы саат 13.00. башталат жана 18.30 бүтөт  II смена;
- дежур администраторунун талаптарын аткарат;
- коридорлордо тазалыктын жана тартиптин сакталышына  көз салат ;
- эгерде өзгөчө кырдаал болгон учурда дежур администраторго билдирет;
- дежур администратор менен бирдикте мектептеги жалпы күнүмдүк жыйынтыгын чыгарат ;
- танапис учурда окуучулардын жүрүм –турум эрежелеринини сакталышын жана мектептин жабдыктарынын сакталышына көз салат.

**Дежурлук жөнүндө отчёт**

Дежурлуктун жыйынтыгы жалпы мектептин линейкасында айтылат.